
Гимназиядагы бардык класстар акыркы үлгүдөгү акылдуу тактай (интерактивдүү доска) менен жабдылган. Сабактардын дээрлик бардыгы интерактивдүү усулда өткөрүлөт.




Окуучуларыбыз ОшМУнун теология факультетинин китепканасын, компьютер лабороториясын, спорт залын, конферecия залын жана заманбап футбол аятчасын кеңири колдоно алышат.








Гимназияда түрк, орус, англис жана араб тилдери окутулуп, дин таануу сабактары түрк тилинде жүргүзүлөт. Бул максатта жуманын белгилүү күндөрүндө атайын видео тасма көрүү уюштурулган. Белгилүү күндөргө карата окуучулардын моралдык жана инсандык жактан өнүгүүлөрүнө багытталган ар түрдүү семинарлар өткөрүлөт. Ошондой эле окуучулардын ден соолугун чыңдоо максатында жумасынына бир күнү футбол, бир күнү волейбол оюндары уюштурулат.




2016-2017-окуу жылында экинчи ирет бүтүрүүчүлөр окууларын ийгиликтүү аякташты. Жалпысынан 58 бүтүрүүчүнүн ичинен 55 окуучубуз ар кайсы университетте түрдүү адистиктер боюнча билим алышууда. Алардын ичинен 4 окуучубуз Туркиядагы теология жана укук факультеттеринде билим алып, 14 окуучубуз ОшМУнун теология факультетине тапшырып азыркы учурда Туркиядагы даярдоо курсунда билим алып жатышат. Жыл сайын



сабактарга, сынактарга жана коомдук иштерге жигердүү катышып ийгиликке жеткендерден 6 окуучу Туркия мамлекетине бир жумага саякатка барып, эс алып келишти. Андан сырткары 20 окуучу үч жумалык жайкы лагерге катышты. Ошону менен бирге жакшы окуган окуучуларыбызга кызыктыруучу сыйлыктар дагы тапшырылат.

«Ыйман» гимназиясы ачылгандан бери окуучулар олимпиадага катышып ийгиликтерге жетишип келүүдө. Быйылкы окуу жылында 9 окуучубуз шаардык олимпиадада байгелүү орундарга жетишти.



*Жаңы курулуучу окуу имаратынын сүрөтү.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

## ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

# "ЫЙМАН" ГИМНАЗИЯСЫ



**Ош ш. 2019-ж.**

ГИМНАЗИЯ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ:

“Ыйман” гимназиясы 2013-жылдын 10-май айында Туркия “Диянет” фонду, Туркия билим берүү министрлиги жана ОшМУ менен биргеликте түзүлгөн протоколдун, Ош мамлекеттик университетинин уставынын негизинде, ректордун буйругу менен ачылган. Ошондой эле гимназияга КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан Лицензия жана Сертификат берилген.

Гимназияда мамлекеттик программадагы сабактарды ОшМУнун тажрыйбалуу мугалимдери окутат. Ошондой эле дин таануу предметтеринен Туркиядан келген жана теология факультетин бүтүргөн мугалимдер сабак берет. Гимназияда колдонулган окуу китептери ОшМУ тарабынан акысыз түрдө берилет. Ал эми дин таануу сабактарынын предметтик китептери Туркия мамлекетинин «Диянет» фонду тарабынан алынып келинип, акысыз түрдө таркатылат.

Гимназияда окуучулар үчүн Туркия «Диянет» фонду тарабынан окуу жылы ичинде атайын акысыз жатакана жана үч маал тамак-аш берилет. Жатакана кыздар жана балдар үчүн эки бөлүккө бөлүнүп, кыз балдар үчүн 2, эркек балдар үчүн 3 тарбиячы дайындалган. Тарбиячылар окуучулардын сабактарына жакындан көмөк көрсөтүшөт. Гимназиядагы окутуу иши келишимдик негизде жүргүзүлүп, бир жылдык келишимдик акы 30 000 (отуз миң) сомду түзөт.

Гимназиянын бүтүрүүчүлөрүнө мамлекеттик үлгүдөгү аттестат тапшырылат. Бул аттестаттын негизинде Кыргызстандагы бардык жогорку окуу жайларга тапшырууга мүмкүндүк алат. Ошондой эле Туркиядагы Университеттерде да окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Ошону менен бирге гимназиянын бүтүрүүчүлөрү диний тармактарда да иштей алышат.





**Билим берүү боюнча маалыматтар:**

Азыркы учурда гимназияда жалпы 140 окуучу билим алууда. Ал эми 2019-2020-окуу жылы үчүн 8-класска 20 эркек бала жана 20 кыз бала, жалпы 40 окуучу атайын сынактын негизинде кабыл алынат. Сынак 7-класс программасында окутулган <u>тарых, кыргыз тили жана адабияты, математика жана логикалык суроолордун</u> негизинде тест түрүндө өткөрүлөт.

Гимназияда окууну каалаган окуучуларды, сынак үчүн каттоонун мөөнөтү 2019-жылдын 14-майынан 19-июлуна чейин жүргүзүлөт. Сынак 2019-жылдын 20-июль ишемби күнү саат 10:00 дө өткөрүлөт. Сынакка кирүүчү окуучулар саат 09:30 да гимназияда болуусу зарыл. 21-июль күнү аңгемелешүү болот. 22-июль күнү аңгемелешүүнүн жана тесттин негизинде жыйынтык чыгарылат. Өздүк делолорун жана документтерди тапшыруу 25-августан, 31-августка чейин жүргүзүлөт. Сынакты ийгиликтүү өтүп, бирок 31-августка чейин толук документтерин тапшырбаган окуучунун ордуна резервдеги окуучулардан кабыл алынат. Резервде турган окуучуларды кабыл алуу 1-сентябрдан, 6-сентябрга чейин жүргүзүлөт.

**Эскертүү**: Каттоо үчүн окуучунун өзү келүүсү шарт.

**Каттоо үчүн керектүү документтер:**

1. Окуган мектебинен аныктама ;
2. Туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
3. 3х4 өлчөмдө 2 даана сүрөт;

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ “ЫЙМАН” ГИМНАЗИЯСЫ



БИЗДИН ДАРЕК:
Кыргыз Республикасы,
Ош шаары, Курманжан Датка кичи району
(Юго-восток) Болжол: «Эрдем» мечити
Н.Исанов к. 77
ОшМУнун “Ыйман” гимназиясы
Email: kgosimamhatiplisesi@gmail.com
Тел: 3222 433 64
+996 778 21 60 35 - +996 703 16 71 64
+996 706 21 60 35 - +996 772 95 66 67
+996 778 49 37 32 - +996 771 81 73 92
+996 776 24 25 55 - +996 708 49 16 21